УДК: 37.091.33: 372.891
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/2-194-199

**Батырхан кызы Г.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН ГЕОГРАФИЯ САБАГЫНА КЫЗЫКТЫРУУДА ИЙРИМДЕРДИН ЖАНА ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРДИН РОЛУ

**Анотация.** Бул макалада мектеп окуучуларын география сабагына кызыктырууда ийримдердин жана өз алдынча иштердин ролу илимий негизде каралат. Ийрим иштери окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн, изилдөө жана байкоо жүргүзүү көндүмдөрүн өнүктүрүп, табияттагы мыйзам ченемдүүлүктөрдү терең түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Өз алдынча иштер окуучуларды жоопкерчиликке, изденүүгө жана сынчыл ой жүгүртүүгө үйрөтөт. Мындай ишмердүүлүк аркылуу окуучулар практикалык көндүмдөрдү өздөштүрүп, географиялык карталарды, диаграммаларды, статистикалык маалыматтарды талдоо жөндөмүн арттырышат. Натыйжада, география сабагы окуучунун дүйнө таанымын кеңейтүүчү, изденүүгө шыктандыруучу жана айлана-чөйрөгө болгон жоопкерчилик мамилени калыптандыруучу маанилүү тармак болуп саналат.
Ошондуктан мектепте география сабагына окуучулардын кызыгуусун жогорулатуу азыркы педагогикада маанилүү маселе болуп калууда.

**Негизги сөздөр:** Өз алдынча иштөө, ийрим, сабак, сынчыл ой жүгүртүү, натыйжа, көндүм.

**Батырхан кызы Г.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# РОЛЬ КРУЖКОВ И САМОСТОЯТЕЛЬНЫХ РАБОТ В ПРИВЛЕЧЕНИИ ШКОЛЬНИКОВ К УРОКАМ ГЕОГРАФИИ

**Аннотация.** В данной статье научно рассматривается роль кружков и самостоятельных работ в повышении интереса школьников к изучению географии. На основе трудов ученых, современных исследований и практических рекомендаций анализируется значение кружковой деятельности и эффективность самостоятельных заданий. Кружки способствуют развитию творческих способностей учащихся, их умений проводить наблюдения и исследования, а также помогают глубже понять закономерности природы. Самостоятельные работы приучают школьников к ответственности, поисковой деятельности и критическому мышлению. Такая деятельность позволяет учащимся овладеть практическими навыками, развить умение анализировать географические карты, диаграммы и статистические данные. В результате урок географии становится важной сферой, расширяющей кругозор учащихся, стимулирующей их к исследованию и формирующей ответственное отношение к окружающей среде. Таким образом, повышение интереса школьников к предмету географии в школе является одной из актуальных задач современной педагогики.

**Ключевые слова:** самостоятельная работа, кружок, урок, критическое мышление, результат, навык.

**G. Batyrkhan kyzy**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## THE ROLE OF CIRCLES AND INDEPENDENT WORK IN ATTRACTING SCHOOLBOYS TO GEOGRAPHY LESSONS

**Abstract.** This article scientifically examines the role of clubs and independent work in increasing the interest of schoolchildren in studying geography. Based on the works of scientists, modern research and practical recommendations, the importance of circle activities and the effectiveness of independent assignments are analyzed. The circles contribute to the development of students' creative abilities, their ability to conduct observations and research, and also help to better understand the patterns of nature. Independent work teaches students about responsibility, search activity and critical thinking. This activity allows students to master practical skills, develop the ability to analyze geographical maps, charts and statistical data. As a result, the geography lesson becomes an important area that broadens the horizons of students, stimulates them to explore and forms a responsible attitude towards the environment.
Thus, increasing the interest of schoolchildren in the subject of geography at school is one of the urgent tasks of modern pedagogy.

**Keywords:** independent work, circle, lesson, critical thinking, result, skill.

**География сабагында жана сабактан тышкаркы ишмердүүлүктө таанып-билүү кызыгуусун жана өз алдынчалуулукту калыптандыруу** ар түрдүү ыкмалар жана усулдар аркылуу жүзөгө ашырылат. Албетте, бул ыкмаларды тандоодо өздөштүрүлө турган материалдын мазмундук өзгөчөлүктөрүн жана окуучулардын алдын ала даярдык деңгээлин эске алуу зарыл. Көпчүлүк учурда **ролдук оюндарды** окуучуларда жетиштүү деңгээлдеги өз алдынчалык жана көйгөйлүү мазмунга ээ темалар болгондо колдонуу максатка ылайыктуу. Мындай оюндар окуучулардын кызыгуусун арттырып, материалды активдүү өздөштүрүүгө шарт түзөт.Ал эми география боюнча ийрим ишмердүүлүгүнүн ролу чоң мааниге ээ.

Мектептик программа менен аныкталган билим чөйрөсүнүн сыртында география илиминин көптөгөн кызыктуу жана таасирдүү барактары калып калат. Алар менен таанышуу — окуучулардын руханий дүйнөсүн байытып, табиятка, туулган жерге, жаныбарлар дүйнөсүнө болгон сүйүүнү калыптандыруунун маанилүү булагы болуп саналат.

География – бул табият менен коомдун өз ара байланыштарын, жер шарындагы ар түрдүү жаратылыш процесстерин жана адамдардын чарбалык иш-аракетин изилдеген илим. Ошондуктан география сабагы башка предметтерден бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат: Мисалы к**өп тармактуу мазмуну** катары География табигый (физикалык) жана коомдук (экономикалык, социалдык) аспектилерди камтыйт. Ал окуучуларды жаратылыштын мыйзам ченемдерин, климатты, жер кыртышын, сууларды, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн, ошондой эле адамдын чарбалык ишин бирдиктүү түрдө түшүнүүгө үйрөтөт.

География сабагында экскурсиялар, жөө жүрүштөр, өлкө аймагындагы саякаттар окуучуларга табиятты жакындан таанып-билүүгө, туулган жерин сүйүүгө, анын байлыктарын акыл менен пайдаланууга, баалоого жана сактоого үйрөтөт.

Мектептеги иштин эң кеңири таралган формаларынын бири — ийрим иштери. Ийримдер окуучулардын активдүүлүгүн, өз алдынчалыгын тарбиялап, алардын таанып-билүү кызыгуусун өнүктүрөт, өздөрүн кызыктырган теманы тереңдетип изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Ийрим ишин ар кандай жаштагы окуучулар менен уюштурууга болот.

Бүгүнкү билим берүү системасынын парадигмасынын негизинде географиялык ийримдер аркылуу жаш муунга мекенге жана жерге болгон сүйүүнү табигый жол менен сиңирүүгө, өлкө аймагындагы өзгөчө климаттык жана табигый жаратылыш комплекстерин таанытууга болот. Бул окутуу формасы аркылуу географияны үйрөнүүнүн маанисин өлкөнүн экономикасы, саясаты жана коомдук жашоонун башка тармактары менен байланыштырууга шарт түзүлөт. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары менен калктын чарбачылыгынын өз ара байланышын көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Ошондуктан заманбап жана туруктуу экономика түзүү үчүн сапаттуу билим алуу зарыл, ал эми өлкөгө азыр да, келечекте да билимдүү жана компетенттүү адистер керек болот.

Экологиялык тарбия берүү ишмердүүлүгүнүн алкагында география мугалими окуучулар менен бирге суу жана топурактын булгануу деңгээлин аныктоо боюнча практикалык изилдөөлөрдү жүргүзүшөт. Бул учурда окуучулар алган билимдерин колдонуп, практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүшөт жана билимге болгон мотивациясын жогорулатышат, натыйжада окуунун сапаты да өсөт.

Мектептин мамлекеттик окуу стандартынын алкагында мугалим окуучуларды дүйнөнүн ар түрдүүлүгү жана кайталангыс өзгөчөлүгү менен толук тааныштыра албайт. География боюнча ийрим иштери дал ушул билимдеги боштуктарды толтурууга жардам берет. Айрыкча айылдык мектептерде кадрлардын жетишсиздиги жана география кабинеттеринин жабдылышынын начардыгы сыяктуу көйгөйлөр бар. Мындай шарттарда табигый чөйрөдө өткөрүлүүчү практикалык иштерге көбүрөөк көңүл буруу зарыл. Балдар теорияны кээде кыйын кабыл алышат, ал эми айылдык жерде табигый объекттер менен түздөн-түз иш алып барууга шарттар кеңири.

Мисалы, топография жана топурак таануу багытында окуучулар экскурсия маалында өз аймагынын маршруттук картасын түзүшөт, топурактын курамын аныкташат; климатология жаатында болсо температура, жаан-чачын, нымдуулук боюнча үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүшөт. Бирок эң башкы максат — бул окуучуларда предметке болгон кызыгууну ойготуу.

Ошондуктан география ийриминдеги сабактар кадимки мектеп сабактарынан олуттуу айырмаланышы керек. Ийрим ишинин маанилүү элементи — эркин ой жүгүртүү, окуучулардын өз оюн жана сунуштарын айтууга мүмкүнчүлүк алуу, башкача айтканда, катышуучулардын белгилүү бир деңгээлдеги өз алдынчалыгы.

Ийрим жетекчиси окуучуларды идеялар жана долбоорлор менен шыктандырып, алардын жаңы сунуштарын колдоп, ишмердүүлүктүн жеткиликтүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыздоого тийиш. Себеби сабактын максатына жетпөөсү окуучунун кызыгуусунун төмөндөшүнө жана ишмердүүлүктөн алыстоосуна алып келет.

Негизги максат — гармониялуу өнүккөн, өз алдынча ой жүгүртө алган, көйгөйлөрдү чыгармачылык менен чече билген инсанды тарбиялоо.
Ал алган билимдерин практикада колдонуп, максат коюп, ага жетүүнүн жолдорун таба

билүүгө тийиш. Мунун баары балдардын келечектеги кесиптик тандоосуна таасир этүүчү маанилүү фактор болуп саналат. География сабагы, айрыкча кошумча ийримдик иштер, мектептеги тарбия жана билим берүү ишмердүүлүгүндө чоң мааниге ээ. Демек, чыгармачылык менен иштеген мугалим окуучунун табиятка, коомго жана жашоого болгон көз карашын калыптандырууда зор роль ойной алат [7].

**Өз алдынча иштердин негизги милдеттеринин бири — окуучуларды билимдин ар түрдүү булактарын пайдалана билүүгө үйрөтүү.**

Ошондуктан жогоруда аталган географиялык билим булактары мектептик география курсунда колдонулган өз алдынча иштердин түрлөрүн аныктайт. Ар бир билим булагы менен иштөөдө окуучулардын иш-аракеттеринин ар кандай ыкмаларын чагылдырган бир нече тапшырмалар колдонулат. Төмөндө өз алдынча иштердин айрым түрлөрүнө токтололу: **байкоо жүргүзүү, географиялык карта менен иштөө, окуу китеби менен иштөө.**

**Байкоо жүргүзүү** — өз алдынча иштердин маанилүү түрү. Географиялык экскурсиялар байкоонун өзгөчө формасы болуп саналат. Экскурсия маалында окуучулар ар кандай приборлор менен иштөөнү, табигый объекттерди талдоону жана жыйынтыктоону үйрөнүшөт.

**Мугалим тарабынан берилген тапшырмалардын негизинде экскурсия учурундагы өз алдынча иштердин түрлөрү төмөнкүлөр болушу мүмкүн:**

- берилген аймактын өзгөчөлүктөрүн мүнөздөө: нивелирдин жардамы менен жердин бир бөлүгүнүн экинчисинен канчалык бийик экенин өлчөө;
- аймакты түзгөн тоо тектерди изилдөө жана алардын үлгүлөрүн алуу;
- өсүмдүктөрдүн курамын жана таралыш мүнөзүн аныктоо;
- аймактын көрүнүшүн сүрөт аркылуу чагылдыруу;
- рельефтин өзгөрүү себептерин аныктоо;
- бул аймак адам тарабынан кантип пайдаланылып, кандайча корголорун изилдөө.

**Байкоо жүргүзүү процессинде окуучулар төмөнкү иш ыкмаларын өздөштүрүшөт:**

- байкоолорду каттоо жана жыйынтыктоо;
- табигый кубулуштардын өз ара байланыштарын аныктоо;
- географиялык приборлор менен иштөө, рельефтик сүрөттөрдөгү горизонталдарды жер кыртышынын реалдуу көрүнүшү менен салыштыруу жана аларды чийме түрүндө көрсөтүү.

**Географиялык карта менен өз алдынча иштөө** — окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн маанилүү каражаты. Мисалы, 6-класстын “Гидросфера” темасын окуу учурунда дарыянын географиялык абалын аныктоо ыкмасын колдонуу окуучулардын картографиялык көндүмдөрүн өнүктүрүп, табигый объекттердин өз ара байланыштарын терең түшүнүүгө жардам берет.

**Жыйынтыктап айтканда**, өз алдынча иштер географияны окутууда окуучулардын изилдөө жөндөмүн, байкоо жүргүзүү көндүмдөрүн жана аналитикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү негизги дидактикалык инструмент болуп саналат [1].

Мындан тышкары о**кууучулардын өз алдынча ишин уюштурууда маанилүү форма катары семинар-сабактарды** белгилөөгө болот. Бул форманын өзгөчөлүгү — окуучулардын өз алдынча изилдеген адабияттардын негизинде суроолорду жана көйгөйлөрдү жамааттык талкуулоосу. Семинар учурунда окуучулар төмөнкү көндүмдөрдү калыптандырышат:

- ар түрдүү маалымат булактары менен иштөө;
- керектүү материалды тандоо жана системалаштыруу;
- берилген суроолордун логикасына жараша ой жүгүртүү;

- белгиленген тема боюнча аудитория алдында сүйлөө;
- жамааттык талкууга активдүү катышуу.

**Лекция түрүндөгү сабактарда өз алдынча иш формасын колдонуу көбүнчө жогорку** класстарда натыйжалуу болуп саналат. Мугалимди угуу процессинде окуучулар өз алдынча негизги ойлорду тандап, кыскача жазып алышат. Лекция маалында окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн туура багыттоо үчүн мугалим сабактын логикалык түзүлүшүн жана планын так көрсөтүп, аны тактага жазуусу маанилүү.

**Акырында, активдүү окутуунун өз алдынча методу катары оюндук форма өзгөчө** орунга ээ. Оюн сабактары үй тапшырмасын текшерүүдө, жаңы теманы өздөштүрүүдө же окуу китеби, кошумча адабият жана карта менен иштөөдө колдонулушу мүмкүн. Бул форма окуучулардын иш-аракетке катышуусун күчөтүп, билимди терең өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт.

**Оюн түрүндөгү сабактар** айрыкча 6–8-класстардын окуучулары үчүн абдан кызыктуу жана мотивациялык таасири жогору форма болуп саналат.

Мисалы, Африка континентинин физикалык-географиялык абалын өтүү учурунда “Африканын айланасында саякат” аттуу оюн-саякат өткөрүүгө болот. Бул оюнда катышуучулардан саякат кайсы аралдардын, жарым аралдардын жанынан өтөрүн, кайсы деңиздер жана кысыктар аркылуу жүрөрүн аныктоо талап кылынат. “Саякат” маалында окуучулар контур картага тиешелүү географиялык объекттерди белгилешет [7].

Материктин жаратылыш зоналарын үйрөнүү процесси ролдук оюн түрүндө уюштурулат. Бул оюнда катышуучулар — окуучулар өздөрү, ал эми бир окуучу алдын ала тапшырма алып, египеттик Клеопатранын ролун аткарат. Ал экскурсия маалында өз өлкөсүнүн мисалында чөл зонасынын өзгөчөлүктөрүн айтып берет. Окуучулар болсо окуу китебиндеги текстти, атластардагы карталарды жана кошумча адабияттарды колдонуп, изилденип жаткан зонанын табигый компоненттеринин мүнөздөмөсүн түзүшөт. Иштин жыйынтыктары атайын таблицага жазылат.

Убакыт өткөн сайын, системалуу түрдө уюштурулган өз алдынча иштердин натыйжасында жана аларды үй тапшырмаларынын ар түрдүү формалары менен айкалыштыруу аркылуу окуучуларда туруктуу өз алдынча иштөө көндүмдөрү калыптанат. Натыйжада, көлөмү жана татаалдыгы жагынан окшош иштерди аткарууда мындай көндүмдөргө ээ окуучулар, өз алдынча иштери уюштурулбаган же стандарттуу түрдө өткөрүлгөн сабактагы класстардагы окуучуларга салыштырмалуу, бир топ азыраак убакыт коротушат.

Бул өз кезегинде окуу процессинин темпин жогорулатууга, программалык материалды ылдамыраак өздөштүрүүгө, маселелерди чечүүгө, эксперименттик жана чыгармачыл иштерге көбүрөөк убакыт бөлүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Мындай ыкма ар бир сабактын сапатын жогорулатууга жана окуучулардын интеллектуалдык өнүгүүсүнө өбөлгө болот.

**Жыйынтыктап айтканда м**ектеп окуучуларын география сабагына кызыктыруу — заманбап билим берүү системасындагы эң маанилүү жана актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. География илими дүйнөнү таанып-билүүнүн, табият менен адамдын өз ара байланышын түшүнүүнүн негизги булагы катары окуучулардын дүйнө таанымдык көз карашын калыптандырууда, жаратылышка болгон жоопкерчиликтүү мамилесин өнүктүрүүдө өзгөчө ролду ойнойт.

Ийримдер менен өз алдынча иштер ушул процессте өзгөчө мааниге ээ. Ийрим иштери окуучуларды чыгармачылыкка, изденүүгө жана тажрыйба жүзүндө иштөөгө шыктандырат. Алар окуучуларга мектеп программасынан тышкары темаларды терең изилдөөгө, табигый кубулуштарды жана географиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдү кеңири түшүнүүгө

мүмкүнчүлүк түзөт. Ийрим ишинин жүрүшүндө окуучулар географиялык карталарды, атластарды, статистикалык маалыматтарды жана талаа байкоолорун колдонуп иштөөнү үйрөнүшөт. Бул алардын илимий ой жүгүртүүсүн, логикалык анализ жүргүзүү жөндөмүн жана практикалык көндүмдөрүн өнүктүрөт [3].

Өз алдынча иштер болсо окуучулардын жоопкерчилигин, өз алдынча чечим кабыл алуу жөндөмүн, сынчыл жана аналитикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырууга өбөлгө түзөт. Мындай ишмердүүлүктүн натыйжасында окуучулар ар түрдүү маалымат булактары менен иштөөгө, маалыматты системалаштырууга жана жыйынтык чыгарууга үйрөнүшөт. Өз алдынча иштердин туруктуу жана системалуу уюштурулушу окуучуларды илимий-изилдөө ишине даярдоонун маанилүү этабы болуп эсептелет.

Ийримдерди жана өз алдынча иш формаларын натыйжалуу айкалыштыруу географияны окутуунун сапатын жогорулатат, окуучулардын предметке болгон кызыгуусун арттырат, табиятка жана айлана-чөйрөгө болгон ыйгарым жоопкерчилик сезимин бекемдейт. Мунун натыйжасында география сабагы жалаң эле билим берүүчү эмес, ошол эле учурда түйүндүү компетенцияларды — изилдөөчүлүк, экологиялык, коммуникативдик жана жарандык көндүмдөрдү калыптандыруучу маанилүү дисциплина катары калыптанат.

Демек, география сабагында ийримдерди жана өз алдынча иш формаларын колдонуу — бул окуу процессин жандандыруунун, окуучулардын чыгармачыл потенциалын ачуу жана дүйнөнү илимий негизде таанып-билүүгө түрткү берүүчү эффективдүү педагогикалык шарт. Мындай ишмердүүлүк билимдин сапатын жогорулатуу менен катар, келечекте коомдун илимий жана экологиялык маданияты жогору, жоопкерчиликтүү инсандарын тарбиялоого өбөлгө түзөт.

**Колдонулган адабияттар**


1. Баринова И. И. Самостоятельные и практические работы по физической географии. - М.: Просвещение, 2001.
2. География. 6-11 классы: уроки учительского мастерства / авт.-сост. А. Б. Моргунова. - Волгоград: Учитель, 2009. – С. 150.
3. Давыдов, В.В. Проблемы развивающего обучения. Опыт теоретического и экспериментального психологического исследования [Текст] / В.В. Давыдов. – М.: Педагогика, 1986. – 187 с.
4. Занимательная география на уроках и внеклассных мероприятиях. 6-8 классы / сост. С. Г. Зубанова, Ю. В. Щербакова. - М.: Глобус, 2009. – С. 173.
5. Коринская В. А. Самостоятельная работа учащихся по географии материков. М.: Просвещение, 1997.
6. Обучение в малокомплектной сельской школе: 5-9 классы: книга для учителя / под ред. Г. Ф. Суворовой. - М.: Просвещение, 1990.
7. Самостоятельная работа на уроках географии / [Электронный ресурс]: Режим доступа: http://collegy.ucoz.ru/publ/53-1-0-1918.
8. Понурова, Г.А. Проблемный подход в обучении географии в средней школе/ ГА. Понурова. М., 1981.


**Рецензент: география илимдеринин кандидаты, профессордун м.а. Солпуева Д.Т.**